**«Кара кыз»**

Сөзү: Кубанычбеков Акбар

Обону: Мукамбет уулу Аксай

Топ жигиттер ашыгат,

Том-том кылып жазып кат.

Жолотпойсуң эмнегедир,

Жакын келсе алыстап.

Тарткандай го муңайым,

Татынакай чырайың.

Элдин баары тажаткандыр,

Мен дагы бир сурайын?

Кайырма:

Кара кыз, кара кыз,

Качан тойго барабыз?

Сен күйөгө кеткенде,

Эмне союп барабыз?

Кара кыз кара кыз,

Качан тойго барабыз?

Сен күйөгө кеткенде

Чычкан союп барабыз!

Жанар болуп жаныңда,

Орогондой жалынга.

Бир бактылуу жигит сенин,

Жазылгандыр багыңа.